## Жаштарга

**Сөзү ,обону: Керимбаев Асанкалый**

Жаштык кез жаңы кийимдей,
Эскирсе калган кийилбей.
Боз улан бойдон турбайсың сен,
Бел жолуң өтөт билинбей.
Кыярса калбас күбүлбөй,
Кырчын кез тоонун гүлүндөй.
Кыз бойдон дайым турбайсың сен,
Кызык кез өтөт билинбей.
Күнүгө сени жандаган,
Күлгүн чак келбейт кайрадан.
Элирбей жаштык кезиңде сен,
Эс акыл менен пайдалан.
Күүлөнөт күлүк күнүндөй,
Туйлайт дейт тулпар ушундай.
Турмушка өчпөс из калтыр сен,
Туягың бүтүн чагыңда.